**БЕКИТИЛДИ**
**Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын Ассоциациясы**
**«17» декабрь 2025-ж.**
**Протокол № 1**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН АССОЦИАЦИЯСЫНЫН МҮЧӨЛҮК АКЫЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## I. Жалпы жоболор:

1. «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун Ассоциациясынын мүчөлүк акылары жөнүндө жобо» (мындан ары - Ассоциация) мүчөлүк акыларды төлөө тартибин, өлчөмүн, мөөнөттөрүн, мүчөлөрдүн укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин, ошондой эле мүчөлүк акыларды пайдалануу максаттарын аныктайт.
2. Ассоциациянын мүчөсү болгон бардык жогорку окуу жайлар үчүн мүчөлүк акылар милдеттүү болуп эсептелет.
3. Акыларды төлөө тартиби жана алардын өлчөмү ушул Жобо жана Ассоциациянын мүчөлөрүнүн жыл сайын өтүүчү жалпы чогулушунда кабыл алынган чечимдери менен аныкталат.

## II.Акылардын өлчөмү жана тартиби:

1. Мүчөлүк акынын өлчөмү жыл сайын ЖОЖдордун ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда талкууланып, бекитилет.
2. Мүчөлүк акы Кыргыз Республикасынын ЖОЖдор ассоциациясынын төлөм үчүн эсебине акча каражаттарын которуу жолу менен эки этапта төлөнөт:
   - 50% – үстүбүздөгү жылдын 31-мартына чейин;
   - 50% – үстүбүздөгү жылдын 30-сентябрына чейин.

## III. Акыларды пайдалануу максаттары:

1. Билим берүүнү, илимди, маданиятты өнүктүрүүдө, Уңгужол улуттук доктринаны ишке ашыруу максатында Ассоциациянын ишмердүүлүгүн каржылоо.
2. Өлкөнүн жетекчилиги жана эл аралык эксперттердин катышуусу менен жылдык форумдарды, конференцияларды, кереге кеңештерди жана семинарларды уюштуруу.
3. ЖОЖдор аралык долбоорлорду, илимий жана билим берүү кластерлерин түзүү жана колдоо.
4. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү каттаган бирдиктүү базага киргизүү менен Ассоциациянын санариптик платформасын өнүктүрүү.
5. Улуттук идея боюнча усулдук материалдарды, басылмаларды жана окуу программаларын даярдоо.
6. Регионалдык жогорку окуу жайлардын илимий жана билим берүү потенциалын жогорулатуу максатында колдоо.

Сканировано с CamScanner

7. Студенттер жана окутуучулар үчүн маданий жана тарбиялык иш-чараларды уюштуруу.

8. Ассоциациянын Уставына жана жалпы чогулуштун чечимдерине дал келген максаттарга.

**IV. Мүчөлөрдүн укуктары жана милдеттери:**

1. Мүчөлүк акыларын тийиштүү түрдө төлөгөн Ассоциациянын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- Ассоциациянын бардык иш-чараларына катышууга.
- Каражаттарды пайдалануу боюнча сунуштарды киргизүүгө.
- Ассоциациянын усулдук материалдарын, отчетторун алууга жана платформаларына кирүүгө.

2. Жогорку окуу жайлар милдеттүү:

- Мүчөлүк акыларды өз убагында төлөөгө.
- Ассоциациянын иш-чараларына ЖОЖдордун өкүлдөрүнүн катышуусун камсыздоого.
- Ассоциациянын суроосу боюнча улуттук Уңгужол доктринасын жана илимий долбоорлорду жүзөгө ашырууну көрсөтүүчү маалыматтарды берүүгө.

**V. Көзөмөл жана отчеттулук:**

1. Мүчөлүк акылардын төлөнүүсүн жана пайдаланылышын Ассоциациянын Аткаруучу дирекциясы көзөмөлдөйт.

2. Жыл сайын мүчөлүк акылардын сарпталышы жөнүндө отчет Ассоциациянын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушуна берилет жана чогулуш тарабынан бекитилет.

3. Каражаттарды пайдалануу ачык-айкын болууга жана ушул Жободо каралган максаттарга гана багытталууга тийиш.

**VI. Төлөбөгөндүк боюнча жоопкерчилик:**

1. Мүчөлүк акысын белгиленген мөөнөттө төлөбөгөн ЖОЖ толук төлөмөйүнчө добуш берүү жана Ассоциациянын долбоорлоруна катышуу укугунан четтетилет.

2. Мүчөлүк акыларды төлөөдө бир нече жолу кечиктирүүлөр болгон учурда Ассоциациянын жалпы чогулушу, Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун Ассоциациясынын Уставына ылайык, университеттин мүчөлүгүн токтото туруу жөнүндө маселени кароого укуктуу.

**VII. Жыйынтыктоочу жоболор:**

1. Бул Жобо ассоциациянын Уставынын негизинде Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун Ассоциациясынын Аткаруучу дирекциясы тарабынан иштелип чыккан, Ассоциациянын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунда талкууланган жана бекитилген.

2. Бул Жобо Ассоциациянын жалпы жыйыны тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Бул Жобого киргизилген бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор Ассоциациянын жалпы жыйынында талкууланып, бекитилет.

4. Мүчөлүк акылар Ассоциациянын туруктуу өнүгүүсүнүн жана улуттук Уңгужол доктринасын жүзөгө ашыруунун негизги булагы болуп эсептелинет.

Сканировано с CamScanner